Бейиш силерге бут кийимиңердин боосунан да жакыныраак жана тозок да ошол сыяктуу

Ибн Масуъд (Аллах андан ырааазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Бейиш силерге бут кийимиңердин боосунан да жакыныраак жана тозок да ошол сыяктуу».

[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейиш менен тозок бутка байланган боо сыяктуу адамга өтө жакын экендигин кабар берди. Анткени адам баласы бир ибадатты Аллахтын ырааазылыгы үчүн аткарып, ошол себептен бейишке кирүүсү мүмкүн же бир күнөө себептен тозокко түшүүсү мүмкүн.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3581